Математика жана информациялык технологиялар факультетинин ИТАС кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№6 ПРОТОКОЛУ**

*13-февраль, 2018-жыл.*

*Төрага:* А. Чамашев
*Катчы:* Н. Абдыжапарова
*Катышкандар*: ИТАС кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*

**Ар түрдүү маселелер.**

2019-20-окуу үчүн ИЭТ жана ИЗБИ багыттарынын бакалавр жана магистрдик программалар боюнча негизги билим берүү программаларынын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын иштеп чыгуу жана аларды бекитүү.

**Угулду:**

*Чамашев М.К. (ИТАС кафедрасынын башчысы, доцент):* 2019-20-окуу үчүн ИЭТ жана ИЗБИ багыттары жана магистрдик программалар боюнча негизги билим берүү программаларынын максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынын мазмуну ОшМУнун миссиясына, багыттарга тиешелүү болгон мамлекеттик стандарттарга жана НББПга таянып жасалды. Андан сырткары бул жерде иш берүүчүлөрдүн сунушу жана ОшМУнун, факультеттин жана кафедранын иш пландарыны эске алынып жатат. ИЗБИ багыты боюнча беш ал эми ИЭТ багыты магистратура боюнча алты максат каралды, ал эми күтүлүүчү натыйжалар да ар бир программалар боюнча каралып, кеңири талкууланып иштелип чыкты.

*А. Сулайманов (Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу):* Ар бир программа боюнча НББПнын максаттары жана күтүлүүчү натыйжалары иштелип чыкты. Бул өзгөртүүлөр боюнча иш берүүчүлөргө, ата-энелерге жана студенттерге маалыматтарды беришибиз керек. ОшМУнун миссиясына, багыттарга тиешелүү болгон мамлекеттик стандарттарга, НББПга жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарына таянып жасалды. Жаңы өзгөртүлгөн вариантты сайтка да жайгаштырышыбыз керек.

Кафедра мүчөлөрү тарабынан ИЭТ жана ИЗБИ багыттары жана магистрдик программа боюнча иштелип чыккан негизги билим берүү программаларынын максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынынмазмуну бир добуштан жактырылды.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

2019-2020 окуу жылы үчүн ИЭТ жана ИЗБИ багыттарынын бакалавр жана магистрдик программа боюнча негизги билим берүү программаларынын максаттарынын жана күтүлүүчү натыйжаларынын мазмуну жактырылсын жана бекитилсин.

Кеңешменин төрагасы: Чамашев М.

Катчы: Абдыжапарова Н.